<u>***Баткен облустук  статистика башкармалыгы***</u>

# ***Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы***

## ***январь-июнь***

*(Алдын ала  маалыматтар)*

## ***Айлык чыгарылыш***

**Баткен-2025**

# Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөрү: -Закиров Ж.Д.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.
-Кожоев А.А.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2025-жылдын январь-июнь айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 21 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2025-жылдын 15-июлу.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

**М А З М У Н У**


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………….** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор………………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор………………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы……………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым……………………………………………………... | 8 |
| | Турак жай.......................................................................................... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу……………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу……………………………………………………... | 9 |
| | Кызмат көрсөтүү.................................................................................. | 9 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы………..……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **IV** | **Мамлекеттик сектор….…………………………………………………** | 12 |
| | Финансы……………………………………………………………………. | 12 |
| | Ишканалардын финансысы............................................................ | 13 |
| **V** | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 13 |
| | Демографиялык жагдай................................................................. | 13 |
| | Калктын оорулары......................................................................... | 13 |
| | Укук бузуулар................................................................................. | 14 |
| | **Тиркеме………………………………………………………………** | 15 |

# ОБЛУСТУН 2025-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ИЮНЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2025-жылдын январь-июнь айларында 4596469,0 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 126,4 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2025-жылдын январь-май айларында 8842,2 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 103,3 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 2489889,8 миң сомго барабар болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 20,1 пайызга өскөн.

2024-жылдын январь-июнь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 31063,0 чарчы метр болгон 234 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-июнь айларынын денгээлине салыштырмалуу 74,8 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 735719,1 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 712,0 миң тонна жүк ташылып, 2024-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 106,4 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 120859,1 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 105,4 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2025-жылдын январь-июнь айларында 18405479,8 миң сомду түзүп, 2024-жылдын январь-июнь айынын денгээлинен 10,1 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2025-жылдын январь-июнь айларында 14808303,3 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2024-жылдын январь-июнь айларынын деңгээлинен 10,6 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-июнь айларында 3597176,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 8,1 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-июнь айларын 2024-жылдын январь-июнь айларына салыштырганда 107,6 пайызды, ал эми ушул жылдын июнь айын 2024-жылдын декабрь айына салыштырганда 104,1 пайызды түздү.

Облус боюнча 2025-жылдын май айында бир айлык орточо эмгек акы 32706,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 20,5 пайызга өскөн. 2025-жылдын январь-май айларында бир айлык орточо эмгек акы 30224,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 13,5 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-июнь айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, ичегинин өткүр инфекциясы, бруцеллез, сифилис, ВИЧ инфекциясы, кургак учук жана өткүр респиративдүү ооруларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми бактериялуу минингит, вирустуу гепатит А түрү, эпидемиялык паротит, жаныбарлардын тиштеп алуусу, эхинококкоз, аскаридоз, гонорея жана катур ооруларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

Калктын негизги социалдык-демографиялык топторунун жашоо минимуму 2025-жылдын II кварталында облустун бардык калкы үчүн 8131,69 сомду түздү, ал эми эмгекке жөндөмдүү курактагы калк үчүн 9027,37 сомду, пенсия курагындагы калк үчүн 7148,21 сомду, балдарга 7031,71 сомду түздү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2025ж. январь-июнь айларында | 2025ж. июнь айы 2024ж. июнь айына карата пайыз менен | 2025-жылдын январь-июнь айлары 2024-жылдын январь-июнь айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 4596469,0 | 144,5 | 126,4 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 8842,2 | 106,4 | 103,3 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 2489889,8 | 76,3 | 120,1 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 31063,0 | 63,9 | 74,8 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 712,0 | 105,3 | 106,4 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 120859,1 | 139,2 | 105,4 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 18405479,8 | 117,9 | 110,1 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 14808303,3 | 115,4 | 110,6 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 3597176,5 | 129,5 | 108,1 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 30224,2[1)] | 120,5[2)] | 113,5[3)] |
| Минималдуу керектөө бюджети (орточо эсеп менен калктын киши башына) сом менен, 2025-жылдын II кварталында | 8131,69 | - | 99,4 |

1) 2025ж. январь-май
2) 2025ж. май
3) 2025ж. январь-май

# III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

Баткен облусунда ээлик кылуучу субъектилердин саны 2025-жылдын 1-июлуна карата 86231 бирдикти түздү, анын ичинен 6,6 пайызы юридикалык жактар, 38,7 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 54,5 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызын филиалдар түзөт.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| **Баткен областы** | **86231** | **100** | **5741** | **100** |
| Баткен району | 12767 | 14,8 | 691 | 12,0 |
| Лейлек району | 33676 | 39,1 | 1327 | 23,1 |
| Кадамжай району | 17630 | 20,4 | 1855 | 32,3 |
| Баткен шаары | 7017 | 8,1 | 772 | 13,4 |
| Кызыл-Кыя шаары | 12194 | 14,1 | 731 | 12,8 |
| Сүлүктү шаары | 2947 | 3,4 | 365 | 6,4 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2025-жылдын 1-июлуна карата 5741 субъектини түзүп, 2024-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 4,6 пайызга өскөн.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 13,2 пайызы мамлекеттик, 6,6 пайызы муниципиалдык, 80,2 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2025-жылдын 1-июлуна карата жеке ишкерлердин саны 46953 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,0 пайызга өскөн, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 33402 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,7 пайызга өстү.

**Өнөр жайы.** Облус боюнча 2025-жылдын январь-июнь айларына 4596469,0 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 126,4 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 1796245,3 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 39,0 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 1729475,4 миң сомду же 37,6 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 966838,9 миң сомду же 21,0 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 103909,4 миң сомду же 2,3 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-июнь айларында 1729475,4 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 150,1 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 603943,5 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 268278,9 тоннага көп көмүр өндүрүлгөн.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 1796245,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 129,2 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 564250,7 миң сомду (көлөмдүн 31,4 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 52362,1 миң сомду (көлөмдүн 2,9 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 14768,7 миң сомду (көлөмдүн 0,8 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 930159,0 миң сомду (көлөмдүн 51,8 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 142847,0 миң сомду (8,0 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 91210,8 миң сомду (5,0 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айында өткөн жылдын январь айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 131,9 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 13,4 пайызга, жаны бышкан нан 1,1 пайызга, тазартылган күрүч 9,1 пайызга, кондитердик азыктар 15,8 пайызга көп өндүрүлгөн.

*2025-жылдын январь-июнь айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 52362,1 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-июнь айларындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 98,9 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-июнь айларында 142847,0 миң сомдук продукция чыгарылды, индекси өткөн жылдын январь айларына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 70,5 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-июнь* айларында 966838,9 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 88,9 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 103909,4 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 125,0 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




**<u>Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы</u>.** 2025-жылдын январь-июнь айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 8842,2 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 103,3 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 11273,8 тонна эт, 45818,2 тонна сүт, 10212,8 миң даана жумуртка, 612,4 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,8, сүт өндүрүү 2,0, жумуртка өндүрүү 12,6 пайызга өскөн. Жүн өндүрүү өткөн жылдын деңгээлинде болду.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 1,3, Кадамжай районунда 0,5, Лейлек районунда 0,9, Кызыл-Кыя шаарында 0,3, Сүлүктү шаарында 1,5, Баткен шаарында 0,6 пайызга өскөн. Сүт өндүрүү Баткен районунда 1,8, Кадамжай районунда 3,5, Лейлек районунда 0,5, Кызыл-Кыя шаарында 0,3, Сүлүктү шаарында 4,2, Баткен шаарында 1,3 пайызга көп өндүрүлгөн. Жумуртканы Баткен району 19,6, Кадамжай району 6,5, Лейлек району 2,3, Баткен шаары 16,9, Кызыл-Кыя шаары 0,3, Сүлүктү шаары 176,3 пайызга көп өндүргөн. Жүн өндүрүү Баткен районунда 2,3, Кадамжай районунда 0,1, Лейлек районунда 3,0, Сүлүктү шаарында 3,2 пайызга өскөн. Ал эми Баткен шаарында жана Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде болду.

Облус боюнча 2025-жылдын 1-июлуна карата 3671,7 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 121,2 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерин өндүрүү өткөн жылдын ушул

мезгилине салыштырмалуу Баткен районунда 82,0, Кадамжай районунда 2,1, Лейлек районунда 46,6 пайызга өскөн. Анын ичинен буудай 3129,2 тонна же 127 пайызды, арпа 542,5 тонна же 96,1 пайызды түзгөн. Картошка 7348,5 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 98,9 пайызды, жашылча 9784,4 тонна же 87,3 пайызды, мөмө-жемиш 16678,8 тоннаже 130,7 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Кадамжай районунда 0,1, Кызыл-Кыя шаарында 28,5 пайызга өскөн. Ал эми Лейлек районунда 51,5 пайызга төмөндөгөн. Жашылча жыйноо Баткен районунда 30,0 эсеге, Баткен шаарында 3,1 эсеге, Кадамжай районунда 6,0 пайызга өскөн. Ал эми Лейлек районунда 22,6, Кызыл-Кыя шаарында 42 пайызга төмөндөгөн. Мөмө-жемиш өндүрүү Кызыл-Кыя шаарында 26,2 эсеге, Баткен районунда 12,7, Баткен шаарында 5,3, Лейлек районунда 69,4, Кадамжай районунда 8,5 пайызга өскөн.

**Капиталдык салым.** 2025-жылдын январь-июнь айларында 2489889,8 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2024-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 120,1 пайызды түзгөн. Капиталдык салымдар Кадамжай районунда 76,9 пайызга, Баткен шаарында 3,4 эсеге, Кызыл-Кыя шаарында 7,5 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 21,4 пайызга, Лейлек районунда 40,1 пайызга, Сүлүктү шаарында 7,0 пайызга азайган. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаты жана республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 92,7 пайызы подряддык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**Турак жай.** 2025-жылдын январь-июнь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 31063 чарчы метр болгон 234 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 74,8 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 735719,1 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өздүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү, аймактар боюнча.** Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү облус боюнча 2025-жылдын январь-март айларында 6937,7 миң АКШ долларын түзүп, өткөн 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 16,2 пайызга төмөндөгөн. Негизинен Лейлек районунда 3,0 эсеге өскөн. Ал эми Кадамжай районунда 14,3 пайызга төмөндөгөн. Баткен району, Кызыл-Кыя, Баткен жана Сүлүктү шаарлары боюнча чет өлкөлүк инвестициялар тартылган эмес.

Тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү облус боюнча 2025-жылдын январь-март айларында 160,8 миң АКШ долларын түзүп, өткөн 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 96,6 пайызга өскөн. Негизинен Кадамжай районунда 4,1 эсеге, Лейлек районунда 3,0 эсеге өскөн. Ал эми Баткен району, Баткен, Кызыл-Кыя жана Сүлүктү шаарлары боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялар тартылган эмес.

**Транспорт жана байланыш.** 2025-жылдын январь-июнь айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 712,0 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 106,4 пайызды түздү.

2025-жылдын январь-июнь айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 5728,2 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 120859,1 миң жүргүнчү-км түздү (2024-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 105,4 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2025-жылдын январь-июнь айларында жеке жактардын транспорту жана Баткен, Кызыл-Кыя шаардык муниципалдык ишканалары тарабынан жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2025-жылдын январь-июнь айларында 18405479,8 миң сомду түзүп, 2024-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 10,1 пайызга,

анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 15636905,1 миң сом болуп 8,8 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 13938966,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,2 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 6651876,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,2 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 47,7 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июнь айларында 22500,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,6 пайызга өскөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июнь айларында 4626778,5 миң сомду түздү, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 12,8 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-июнь айларында 14808303,3 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 10,6 пайызга өскөн.

***Кызмат көрсөтүү.*** Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 3597176,5 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 8,1 пайызга өскөн.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо 396559,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,1 пайызга өскөн.

Маалымат жана байланыш ушул жылдын январь-июнь айларында 64562,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,8 пайызга төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук жана камсыздоо ушул жылдын январь-июнь айларында 1946223,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,5 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 54,1 пайызды түздү.

Кыймылсыз мүлк операциялары ушул жылдын январь-июнь айларында 153264,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,4 пайызга өскөн.

Илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк ушул жылдын январь-июнь айларында 152640,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,3 пайызга төмөндөгөн.

Мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк ушул жылдын январь-июнь айларында 23870,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,2 пайызга өскөн.

Билим берүү ушул жылдын январь-июнь айларында 563034,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 14,4 пайызга өскөн.

Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү ушул жылдын январь-июнь айларында 164229,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 36,0 пайызга өскөн.

Маданий, көңүл ачуу жана дем алуу ушул жылдын январь-июнь айларында 25515,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын дэңгээлинде калды.

**Эмгек рыногу жана эмгек акы.** Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2025-жылдын 1-июлуна карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 10789 адамды түздү, анын ичинен 7247 адам жумушсуздук статусун алган.

Июнь айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 95 адамды түздү. 2025-жылдын 1-июлуна карата 100 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 108 адам туура келди.

Облус боюнча 2025-жылдын майь айында бир айлык орточо эмгек акы 32706,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 20,5 пайызга өскөн. 2025-жылдын январь-май айларында бир айлык орточо эмгек акы 30224,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 13,5 пайызга өскөн.

Эмгек акы май айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу тоокен казуу тармагында, өнөр жайды кайра иштетүү тармагында, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, дүң жана чекене соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, информация жана байланыш,

финансалык ортомчулук жана камсыздандыруу, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, административдик жана көмөкчү чарба, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу; милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү тармагында, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу, дем алуу тармактары боюнча өсүү болгон. Ал эми токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык тармагында 4,0 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2025-жылдын май айында 374,0 долларды түздү.

2025-жылдын 1-июнуна карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 1838,8 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 11,2 пайызга төмөндөгөн. Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кызыл-Кыя шаарына тиешелүү.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




**<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 102,3 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 107,6 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 96,3 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2025-жылдын июнь айында өткөн жылдын май айына салыштырмалуу 133,6 пайызды түздү. Ал эми 2025-жылдын январь-июнь айлары өткөн жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 121,1 пайызды түздү.

**<u>Баалардын жана тарифтердин индекси.</u>** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-июнь айларында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 107,6 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын июнь айын 2024-жылдын декабрь айына салыштырганда 104,1 пайызды түздү.

Ушул жылдын июнь айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 1,4 пайызга, 1 сорт ун 1,1 пайызга, макарон азыктары 0,9 пайызга, нан 6,7 пайызга, күн карама майы 2,2 пайызга, жумуртканын баасы 10,9 пайызга жогорулаган. Калган азыктар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 96,4 | 93,1 | 98,9 | 95,1 | 113,3 | 100,0 | 100,0 | 88,0 | 112,0 |
| февраль | 103,4 | 101,9 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 107,0 | 100,0 | 100,2 | 101,4 |
| март | 102,6 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 102,7 | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,9 |
| апрель | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 88,7 | 100,0 |
| май | 101,2 | 101,0 | 100,0 | 100,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 86,3 | 101,8 |
| июнь | 101,4 | 101,1 | 106,7 | 100,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 110,9 | 102,2 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу сабиз 17,5 пайызга, пияз 3,4 пайызга, кургатылган өрүк 13,4 пайызга, алма 5,1 пайызга жогорулаган. Ал эми картошка 1,9 пайызга төмөндөгөн. Грек жаңгагынын баасы өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 109,5 | 150,5 | 112,0 | 72,0 | 86,0 | 100,0 |
| февраль | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| март | 100,0 | 108,2 | 104,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 100,0 | 103,6 | 103,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| май | 150,0 | 102,2 | 104,7 | 100,0 | 106,6 | 100,0 |
| июнь | 103,4 | 98,1 | 117,5 | 105,1 | 113,4 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын июнь айында өткөн май айына салыштырмалуу кийим 0,2 пайызга, бут кийим 0,5 пайызга,турак жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 0,9 пайызга, катуу отун 0,4 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 0,7 пайызга, бензин 0,8 пайызга, үй-тиричилик буюмдары, тиричилик техника 2,0 пайызга, газеталар жана мезгилдүү басылмалар 4,0 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 1,1 пайызга жогорулаган. Ал эми фармацевтикалык продукциялар 0,8 пайызга төмондогөн калган азык-түлүк товарлар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2025ж. январь-июну 2024ж. январь-июнуна карата | 2025ж июнь 2024ж. декабрына карата | 2025ж июнь 2025ж. майына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 100,7 | 100,2 | 100,2 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 94,1 | 100,0 | 100,0 |
| Бут кийим | 119,5 | 100,5 | 100,5 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 121,3 | 100,9 | 100,9 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 104,3 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 136,4 | 88,0 | 100,4 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 101,3 | 101,7 | 100,7 |
| Бензин | 101,4 | 101,8 | 100,8 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 102,0 | 103,4 | 102,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 132,4 | 124,5 | 99,2 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 107,4 | 104,0 | 104,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 109,2 | 102,7 | 101,1 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын июнь айында маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр 9,2 пайызга, чач тарач тейлөөсү 2,5 пайызга, жүргүнчү транспорттун тейлөөсү 2,0 пайызга мейманканаларды жана ресторандардын тейлөөлөрү 0,3 пайызга жогорулаган. Ал эми калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2025ж. январь-майы 2024ж. январь-майына карата | 2025ж майы 2024ж. декабрына карата | 2025ж майы 2025ж. апрелине карата |
|---|---|---|---|
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 106,1 | 100,0 | 100,0 |
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 105,3 | 102,2 | 102,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 99,9 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 115,2 | 113,4 | 109,2 |
| Билим берүү тейлөөсү | 131,4 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 104,1 | 100,3 | 100,3 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 101,3 | 114,2 | 102,5 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

**Керектөө бааларынын индекси**

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**<u>Финансы.</u>** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-май айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1801,3 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 2,5 эсеге көп аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 1530,2 млн. сомду түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 27,5 пайызга , ал эми чыгашалар 14,6 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2025-жылдын январь-май айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2025-жылдын январь-май айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 458,7 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшкөн. Жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 9,7 пайызга, товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 75,5 пайызга, киреше жана пайда салыгы 8,6 пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин көбөйгөнү байкалды. Алсак 2024-жылдын январь-май айларында жалпы кирешенин 10,3 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2025-жылдын январь-май айларында 21,2 пайызын түзгөн. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн мамлекеттик сектордун ыктыярдуу трансферттер жана гранттар түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 92,3 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 14,0 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 14,9 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2025-жылдын январь-май айларында 426,6 млн. сомду түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 0,7 пайызга өскөн. Чыгашалардын 34,8 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, 33,1 турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө, 10,5 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө жумшалды.

**Ишканалардын финансысы.** Облус боюнча ишканалардын финансы көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы менен 2025-жылдын январь-март айларында 206317,0 миң сом эсебинде баланстык чыгаша аныкталды.

Баланстык киреше 2025-жылдын январь-март айларында Баткен шаары боюнча 3909,0 миң сомду, Сүлүктү шаарында 111593,9 миң сомду жана Баткен району боюнча 9073,4 миң сомду түздү, ал эми калган бардык райондор чыгаша менен аяктады.

2025-жылдын январь-март айларында рентабелдүү ишканалардын саны 159, алардын кирешесинин көлөмү 200433,1 миң сомду түзүп, ишканалардын жалпы санына карата 32,9 пайызды түздү.

Баланстык чыгаша алган ишканалардын чыгаша суммасы Лейлек району боюнча 10393,9 миң сомду, Кадамжай району боюнча 316734,9 миң сомду жана Кызыл-Кыя шаары боюнча 3764,5 мин сомду түздү.

2025-жылдын январь-март айларында чыгаша менен чыккан ишканалар, бардык ишканалардын санына карата 19,3 пайызды түзүп, чыгашаларынын жалпы суммасы 406750,1 миң сомго жеткен.

Дебитордук карыздар 2025-жылдын январь-март айларында 2812001,2 миң сомго жетип, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 320370,1 миң сомду түздү. Дебитордук карыздардын жарымынан көбү өнөр-жай ишканаларына тийиштүү.

Кредитордук карыздар ушул мезгилге карата 6062942,6 миң сом өлчөмүндө аныкталып, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 641929,3 миң сомго жетти.

Отчеттук мезгилдин акырына даяр продукциялардын көлөмү 287663,5 миң сомду түздү.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Демографиялык жагдай.** 2025-жылдын январь-май айларында Баткен облусу боюнча 5233 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 631 балага азайган), же калктын 1000 не 21,1 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 950 адам өлгөн (2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 60 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 3,8 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 4283 адамды, же 1000 кишиге 17,3 түздү.

2025-жылдын январь-май айларында 44 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 8,4 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 19 балага азайган.

**Калктын оорулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-июнь айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 36 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 80,0 пайызга, ичегинин өткүр инфекциясы менен 1299 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 68,0 пайызга өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 782 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 43,0 пайызга, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 781 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 43,0 пайызга жана эпидемиялык

паротит менен 3 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 85,0 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөнкүдөй байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 306 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,2 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 9 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 25,0 пайызга жана аскаридоз менен 311 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,3 пайызга төмөндөгөн. Ал эми бурцеллез оорусу менен 43 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 13,2 пайызга өскөн.

*Паразитардык оорулардан* инфекциялык ВИЧ оорусу менен 12 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,1 пайызга өскөн. Ал эми котур оорусу менен 23 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 23,3 пайызга, гонорея оорусу менен 1 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 91,7 пайызга төмөндөгөн. Педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 15852 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 29,5 пайызга, кургак учук менен ооруган 124 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,1 пайызга өскөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2025-жылдын январь-май айларында облус боюнча 417 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 28,1 пайызга же 163 кылмышка азайган. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; алдамчылык 54, ээнбаштык 12, уурулук 66, кызматтык кылмыштар 41, экономика тармагында 19 кылмыш, 6 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2025-жылдын январь-май айларында 361 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 31 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 32, ишкерлер 3, эч жерде иштебеген жана окубагандар 254, мектеп окуучулары 18, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 12 түздү. Ал эми кызматкерлер катталган жок.

**Облустук статистика башкармалыгынын жетекчиси: С. Ысмайылов**

| | | беті |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| | Өнөр жайы | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү…………… | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……………………………….. | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……………………………………….. | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү…………………………. ………………………………. | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү……………………………………… | 19 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……………………………….. | 19 |
| 7 | Аймактар боюнча негизги айыл-чарба эгиндеринин түшүмүн жыйноонун жүрүшү.......................... | 20 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү............ | 21 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү.................................................... | 21 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы.............................................. | 23 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подряддык жумуштар көлөмү.......................................... | 23 |
| 12 | Облус боюнча турак-жай  курулушунун аткарылышы, …………………………………………………… | 23 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши............................................................ | 24 |
| 14 | Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү, аймактар боюнча............................................. | 24 |
| 15 | Тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү аймактар боюнча.......................................... | 24 |
| | Транспорт | |
| 16 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү……………………………………………………… | 25 |
| 17 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 25 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 18 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн  көлөмү…………………………………………………………….. | 26 |
| | Керектөө рыногу | |
| 19 | Сооданын  экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…........................ | 26 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү, коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо............... | 27 |
| 21 | Аймактар боюнча  акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 27 |
| 22 | Калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүү, ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы................. | 28 |
| | Эмгек  жана эмгек  акы | |
| 23 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............. | 29 |
| 24 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда | 30 |
| 25 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, жыл башынан | 30 |
| 26 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция  башкармалыгында катталган жумушсуздар саны.................................................................................................... | 31 |
| 27 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында жумушсуздук статусун алгандар саны.................................................................................................... | 31 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………... | 32 |
| 29 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 32 |
| 30 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ………………………………....... | 33 |
| 31 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 33 |
| 32 | Ишканалардын (мекемелердин) киреше ( +), чыгашалары................................................................ | 34 |
| 33 | Ишканалардын карыздары жана даяр продукциялардын калдыктары.................................................. | 34 |
| | Социалдык сектор | |
| 34 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү................................................................. | 35 |
| 35 | Калктын төрөөлүү, өлүү жана табигий өсүүсү боюнча катышы.................................................. | 35 |
| 36 | Жаш балдардын өлүмү.................................................................................................. | 35 |
| 37 | Облус боюнча жаш балдардын өлүмүнүн катышы.................................................................. | 35 |
| 38 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы..................................................................... | 36 |
| 39 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы..................................................................... | 36 |
| 40 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны…………………………………………… | 36 |
| 41 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………………….. | 37 |
| 42 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………. | 37 |
| 43 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………… | 37 |

## РЕАЛДЫК СЕКТОР

## ӨНӨР ЖАЙЫ

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2025-жылдын январь-июнь айлары**

( миң сом)

| | 2024 | 2025 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **3409510,9** | **4596469,0** | **126,4** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **997479,8** | **1729475,4** | **150,1** |
| 1. Күрөн көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 688361,2 | 1379444,2 | 179,9 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 302768,3 | 306009,2 | 88,9 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | - | 27977,0 | 209,1 |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 6350,3 | 16045,0 | 281,4 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **1533297,9** | **1796245,3** | **129,2** |
| 1.Тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 416692,8 | 564250,7 | 131,9 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 414826,8 | 563161,9 | 105,8 |
| -суусундук өндүрүү | 903,0 | 110,0 | 103,9 |
| -тамеки өндүрүү | 963,0 | 978,8 | 102,5 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 66369,8 | 52362,1 | 98,9 |
| -текстил өндүрүшү | 4752,9 | 4741,7 | 116,7 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 59183,9 | 44523,2 | 183,0 |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 2433,0 | 3097,2 | 183,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 13495,4 | 14768,7 | 108,8 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 13050,4 | 14341,2 | 109,0 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 445,0 | 427,5 | 91,4 |
| 4. Химия өндүрүшү | 23,0 | 647,0 | 303,3 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 760206,8 | 930159,0 | 113,3 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 195825,2 | 142847,0 | 70,5 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 80684,9 | 91210,8 | 108,9 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **802588,1** | **966838,9** | **88,9** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **76145,1** | **103909,4** | **125,0** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2025-жылдын январь-июнь айлары**

.                                                                                                    (миң сом)

| | 2024 | 2025 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **3409510,9** | **4596469,0** | **144,5** | **126,4** |
| Электр энергиясыз | 2630798,4 | 3650165,6 | 145,1 | 135,1 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 104097,2 | 246364,7 | 77,5 | 178,9 |
| Кадамжай | 821746,8 | 1209928,6 | 228,9 | 109,0 |
| Лейлек | 340283,0 | 362110,1 | 101,6 | 98,1 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 862879,9 | 1055155,9 | 132,6 | 91,7 |
| Электр энергиясыз | 84167,4 | 108852,5 | 98,9 | 102,1 |
| Кызыл-Кыя | 766395,1 | 839775,7 | 154,3 | 114,8 |
| Сүлүктү | 514108,9 | 883134,0 | 172,2 | 159,7 |

Таблица 3. **Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2024 | 2025 | 2025ж. январь-июнь айлары 2024ж. январь-июнь айларына % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | Январь-июнь | | |
| Күрөн көмүр | тонна | 335664,6 | 603943,5 | 179,9 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 6288,0 | 7687,1 | 122,3 |
| Бут кийим | жуп | 127,0 | 194,0 | 152,8 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 699,0 | 726,2 | 103,9 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 243,0 | 366,1 | 150,7 |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 2641,2 | 3442,8 | 130,3 |
| Өсүмдүк июньлары | тонна | 53,4 | 57,6 | 107,9 |
| Жаны бышкан нан | тонна | 4879,2 | 4930,7 | 101,1 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 66386,0 | 75265,0 | 113,4 |
| Тамеки | тонна | 121,0 | 124,0 | 102,5 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 3777,5 | 4462,6 | 118,1 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 631,7 | 688,9 | 109,1 |
| Кондитер азыктары | тонна | 348,8 | 404,0 | 115,8 |
| Килемдер | даана | 145,0 | 154,0 | 106,2 |
